# “Күндөлүк” электрондук журналы менен иш алып баруу

“Күндөлүк”- автоматташтырылган информацтяланган система. Ал 2 бөлүктөн турат.

- 1 окуучуга 1 жылга баасы-50сом

Жалпы ар бир мектеп үчүн 5000 сом

Бул системада 15 жылдык тажрыйба менен иштеп жаткан профессионалдар, 10 жылдан бери Малайзияда иштеп, келгендер. Алар 2019-жылы “Күндөлүк” системасы менен программа түзүшкөн. 2020-жылы Республиканын 300 дөн ашык мектеби кирген.

Биздин мектеп II чейректен баштап электрондук “Күндөлүк” системасы менен иштеп жатабыз. III чейректен баштап сабактын планы, тиркемеси менен жүктөлө баштады.

Негизги максаты: Ата-энелер, окуучулар мектеп, мугалимэлектрондук түрдө байланыш системасын түзүү.

Бул компаниянын иши көптөгөн жогорку органдардан ыраазычылык каттарды алышкан.

М: Чүй облустук администрациясынан, Бишкек билим берүү уюмунан, Ысык-Ата райондук билим берүү уюмунан, информациялык технология жана байланыш биринчи мамлекеттик комитетинен, КР билим берүү жана илим министрлигинен.

“Күндөлүк”-окуучуларды окутуу жана тарбиялоодо бири-бирине информация берүүдө даяр платформа.

Бул жөнөкөй эле электрондук журнал же электрондук күндөлүк эмес. Бул жалпы билим берүүчү уюмда ата-энелер, окуучулармугалимдер бирдикте жалпы иш жүргүзүү боюнча башкаруу системасынын базасы. Бардык иш аракеттерибиз ушул электрондук журналда сакталат.

“Эң жакшы”- жагы

1.Ата-энелер, окуучулар үчүн

- Расписание, үй тапшырмасын көрсөтүп турат
- Сабакта катышкан, катышпаган окуучуларды белгилейт

2.Мугалимдер жана администрация үчүн

- Өтө жөнөкөй,мобилдүү, иштөөгө ылайыктуу- система
- Чейректин аягында жыйынтык чыгарылат, отчет даяр болот.

Каникул учурунда мектеп боюнча бардык мугалимдер электрондук “Күндөлүк” системасына кирүү менен иш алып барышты. Бардык

предметтер киргизилди, баа коюп, тапшырма берип жатышат.

Өзгөчө ардагер мугалимдер Молдокулов Ж., КуликееваЖ.,Кокумова Ж., Асанбеков Т., жаштардан калышпай электрондук журнал менен жакшы иштеп жатышат. Мугалимдердин барына багыт берген мектепке жаңы келген жаш мугалим, кесиби башталгыч класстардын мугалими, компьютерди "эң жакшы" билген Абдыкеримова А. Жана завуч-орг., мектептин информатик мугалими Бектурсунова Ч. Белгилегим келет

Райондук семинарларга завуч менен биргеликте катышып келишти.

Мектептин мугалимдери толук электрондук "Күндөлүк" программасына кирип иштеп жатабыз.